**Ибирайым кызы А., Мамбетакунов У., Осипова Н.**
9.04.2012.

# Мектепте информатиканы окутуу: Информатик мугалимдер үчүн колдонмо

Мектепте информатиканы окутуу: Информатик мугалимдер үчүн колдонмо жарыкка чыгып, жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери, студенттер үчүн колдонууга берилди.

Колдонмо Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан каралып, бекитилген.

«Мектепте информатиканы окутуу» методикалык колдонмодо информатика предметин бардык класстарга окутуудагы окутуунун толук эмес, бирок негизги делген методикаларын камтып, учурдун талабына жараша информатика сабагын даярдоо үчүн мугалимге бир нече көрсөтмөлөр, сабакты пландаштырууга, анализдөөгө сунуштар, окуучулардын информациялык-технологияны колдонуулары менен маселелерди чыгарууга, алардын компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга, ошондой эле, билим деңгээлдерди текшерүү үчүн тапшырма, баалоо ж.у.с. камтылып, жаш мугалим үчүн методикалык сунуштар, сабактын планына мисалдар, тесттер, Интернет ресурстарына көрсөтмөлөр каралган.

Колдонмо информатик мугалимдерге, информатика адистиги боюнча даярдап чыгаруучу педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттерине, ошондой эле жалпы эле колдонуучуларга сунуш кылынат. Аталган колдонмону чыгармачылык менен пайдалануу окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө, мугалимдин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Аталган колдонмо боюнча толук маалыматты Кыргыз билим берүү академиясынын Табигый-математикалык предметтер лабораториясынан алууга болот.